Жекенди айылдык Кеңешинин депутаттарынын кезексиз он төртүнчү сессиясынын

## ТОКТОМУ

2026-жылдын 26-май № 25 Кара-Мык айылы

### Жер аянттарын мамлекеттик менчиктен муниципалдык менчикке өткөрүп берүү жөнүндө

Жер аянттарын мамлекеттик менчиктен муниципалдык менчике өткөрүп берүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 30-декабрындагы №813 токтому менен "Калктуу конуштун жерлери" категориясына которулган Жекенди айыл өкмөтүнүн "Чек" участкасындагы №1767 контурда жайгашкан 17,70 га жер аянтын мамлекеттик менчиктен муниципалдык менчикке кабыл алуу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 21-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө Мыйзамынын 34-39-беренесине ылайык, **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 30-декабрындагы №813 токтому менен Чоң-Алай районуна караштуу Жекенди айыл аймагынын "Чек" участкасынан (№1767 контур) калктуу конушка которулган мамлекеттик менчикте турган 17,70 га жер аянты Жекенди айыл аймагынын муниципалдык менчигине кабыл алынсын.

2. Калктуу конушка которулган 17,70 га жер аянтын муниципалдык менчике кабыл алып, башкы планын бекитип жеке жарандарга Жер кодексинин 21-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 6-майындагы №177 токтомуна ылайык жеке жарандарга турак жай куруу үчүн башкы планга ылайык бөлүп берүү Жекенди айыл өкмөтүнүн башчысы З.М.Исмаиловго милдеттендирилсин.

3. Бул токтом расмий булактарга жарыяланган к\ндън тартып к\ч\нъ кирет.

4. Жекенди айылдык кеңешинин жооптуу катчысы бул токтомду каттоодон өткөрүшсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн тиешелүү Ош юстиция башкармалыгынан каттоодон ъткър\лс\н.

5.Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Жекенди айылдык кеңешинин агрардык маселелер, азык-түлүк жана экология, жер жана жер реформасы боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Зикир уулу Мухаммеддыканга жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Мурзапар уулу**